КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

СУЗАК РАЙОНУ
КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

721322 Таран-Базар айылы, Б.Калбаев н/ж көчөсү
E-Mail: kogart24 @mail.ru
Код ОКПО 32667409, ИНН 02703202410401

721322 с.Таран-Базар , ул. К.Б.Калбаев б/н
E-Mail: kogart24 @mail.ru
Код ОКПО 32667409, ИНН 02703202410401

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II чакырылышынын
кезексиз V сессиясы**

## ТОКТОМ № 28

Таран-Базар айылы 17-апрель 2025-жыл.

**Муниципалдык менчике алуу жөнүндө**

Көк-Арт айыл өкмөтүнө караштуу Калмак-Кырчын айылынын Капсогор участкасынын № 2339 контурунда жайгашкан “Кыргызмажердолборлоо” Жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Жалал-Абад филиалынын 25.03.2025 жылдагы № 01-05/261 сандуу маалыматында берген 0.10 га- жараксыз жер, 0.20 га- жол, жалпысынан 0,30 га жерди Көк-Арт айыл өкмөтүнун муниципалдык менчигине алуу боюнча Көк-Арт айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басар-жооптуу катчысы С.Молошевдин сунушун Көк-Арт айылдык кеңеши карап чыгып, талкуулап төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Көк-Арт айыл өкмөтүнө караштуу Калмак-Кырчын айылынын Капсогор участкасынын № 2339 контурунда жайгашкан 0.10 га жараксыз жер жана 0.20 га жол. жалпысынан 0,30 га жер Көк-Арт айыл өкмөтунун муниципалдык менчигине алынсын.
2. Тийиштүү иш кагаздарын даярдоо жана мыйзам чегинде иш алып баруу жагы Көк-Арт айыл өкмөтүнун башчысы О.Анаркуловго милдеттендирилсин.
3. Токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жооптуу катчы А.Джапаровго жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Э.Исмаилов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

721322 Таран-Базар айылы, Б.Калбаев н/ж көчөсү
E-Mail: kogart24 @mail.ru
Код ОКПО 32667409, ИНН 02703202410401

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

721322 с.Таран-Базар , ул. К.Б.Калбаев б/н
E-Mail: kogart24 @mail.ru
Код ОКПО 32667409, ИНН 02703202410401

---

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II чакырылышынын**
**кезексиз V сессиясы**

## ТОКТОМ № 29

Таран-Базар айылы 17-апрель 2025-жыл.

**Көк-Арт айыл өкмөтүнүн «Ардактуу атуулу» наамын берүү жөнүндө**

Көк-Арт айыл өкмөтүнө караштуу Жерге-Тал айылындагы №11 М.Орозалиева атындагы жалпы билим беүүчү орто мектебинин директорунун жана мектеп жамаатынын №11 М.Орозалиева мектебинде 1991-2024-жылдары мугалим болуп эмгектенип ардактуу эс алууга чыккан Турдумбетова Райма Ормокеевнаны Көк-Арт айыл өкмөтүнүн “Ардактуу атуулу” наамына сунуштоо жөнүндө кайрылуу иретинде жазган сунушун Көк-Арт айыл кеңешинин кезексиз V-сессиясында карап, талкуулап төмөнкүдөй **токтом кылат**:

1. Көк-Арт айыл өкмөтүнө караштуу Жерге-Тал айылынын тургуну №11 М.Орозалиева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 1991-жылдан 2024-жылга чейин мугалим болуп эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан Турдумбетова Райма Ормокеевнага билим берүүдө жана жаш муундарды тарбиялоодо кошкон зор салымы үчүн Көк-Арт айыл өкмөтүнүн “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.

2. Иш-кагаздарын жана төш белгисин даярдоо социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

3. Токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жооптуу катчы А.Джапаровго жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **К.Э.Исмаилов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

721322 Таран-Базар айылы, Б.Калбаев н/ж көчөсү
E-Mail: kogart24 @mail.ru
Код ОКПО 32667409, ИНН 02703202410401

721322 с.Таран-Базар , ул. К.Б.Калбаев б/н
E-Mail: kogart24 @mail.ru
Код ОКПО 32667409, ИНН 02703202410401

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II чакырылышынын**
**кезексиз V сессиясы**

## ТОКТОМ № 30

Таран-Базар айылы 17-апрель 2025-жыл.

**Көк-Арт айыл өкмөтүнүн «Ардактуу атуулу» наамын берүү жөнүндө**

Көк-Арт айыл өкмөтүнө караштуу Жалгыз-Жаңгак айылынын аксакалдар жамаатынын жыйынынын протоколдук сунушун жана Көк-Арт айылдык кеңешинин депутаты С.Жумуковдун Улуу Ата-Мекендик согушта курман болгон аталарды эскерүү эстелигин реконструкциялоого кошкон чон салымы үчүн Ташимбетов Темирбек жана Эмилов Султанбекке Көк-Арт айыл өкмөтүнүн “Ардактуу атуулу” наамын берүү жөнүндө сунушун Көк-Арт айыл кеңешинин кезексиз V-сессиясында карап, талкуулап төмөнкүдөй **токтом кылат**:

1. Улуу Ата-Мекендик согушта курман болгон аталарды эскерүү эстелигин реконструкциялоого кошкон чон салымы үчүн Ташимбетов Темирбек жана Эмилов Султанбекке Көк-Арт айыл өкмөтүнүн “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.

2. Иш-кагаздарын жана төш белгисин даярдоо социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

3. Токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жооптуу катчы А.Джапаровго жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **К.Э.Исмаилов**